**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**

**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ**
**ӨКМӨТҮ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69
ОКПО 32659893
ИНН 01203202410386

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛ ОКМОТУ**
**КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69
ОКПО 32659893
ИНН 01203202410386

____________№__________
____________ №_________

**Ош облусунун жана Ош шаарынын**
**юстиция башкармалыгынын**
**башчысы Ж.У.Абдыкадыровичке**

Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышында кабыл алынган төмөндөгү токтомдорун Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтөбүз.

| **№** | **Саны** | **Чакыр-ылышы** | **Күнү,айы, жылы** | **Сессия** | **Номер** | **Аталышы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 8 | 28.04.2026 | 15 | 15/1 | Кара-Гуз айыл аймагынын Жаңы-Талаа, Калматай айылдарынын калкын ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө тарифтерди белгилөө жөнүндө |
| 2 | 2 | 8 | 28.04.2026 | 15 | 15/2 | 2026-жылга Жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планды бекитүү жөнүндө |
| 3 | 2 | 8 | 28.04.2026 | 15 | 15/3 | Кара-Гуз айыл аймагындагы ички каналдарды Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө |
| 4 | 2 | 8 | 28.04.2026 | 15 | 15/4 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо тартиби тууралуу жобону бекитүү жөнүндө |
| 5 | 2 | 8 | 28.04.2026 | 15 | 15/5 | Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн балансында турган эки нива үлгүсүндөгү автоунааларды сатууга уруксат берүү жөнүндө |

Жогорудагы аталган токтомдор Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айылдык кеңешинин бешинчи чакырылышынын 2013-жылдын 20-февралындагы № 4- “Кара-Гуз айылдык Кенешинин ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик тилде гана кабыл алуу жана мамлекеттик тилде жарыялоо жөнүндөгү” токтомуна негизделип мамлекеттик тилде кабыл алынып, 2026-жылдын 14-май күнү **https://kara-guz.gov.kg/** сайтына жарыяланды. Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңештин токтомдору: Мамлекеттик тилде 5 токтом (эки) баракта 2 нускада Электрондук вариянт 1 даана диск.

**Башчы** **Н.Иса уулу**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>КАРА-ГУЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |
| Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | | село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

# КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“ 28” апрель 2026-жылдагы № 15/1

**Кара-Гуз айыл аймагынын Жаңы-Талаа, Калматай айылдарынын калкын ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө тарифтерди белгилөө жөнүндө**

“Ичүүчү суу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, токтом кылат:

1. Кара-Гуз айыл аймагынын Жаңы-Талаа, Калматай айылдарынын абоненттерин ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери үйүнөн суу алгандар үчүн 300 (үч жүз) сом, көчөдөн суу алгандар үчүн 200 (эки жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Бекитилген тарифтер 2026 жылдын 1-майынан баштап Жаңы-Талаа, Калматай айылдарынын абоненттерине колдонууга киргизилсин.
3. Бул токтом тиркемеси менен Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары:** **Э.Ж. Мансурова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

# КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“ 28” апрель 2026-жылдагы № 15/2

## 2026-жылга Жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планды бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып Кара-Гуз айылдык кеңеши, токтом кылат:

1. 2026- жылга Кара-Гуз айыл аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысына 2026 - жылга Кара-Гуз айыл аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча бекитилген планды ишке ашырууну камсыз кылсын жана жылдын жыйынтыгы боюнча анын аткарылышы жөнүндө маалымат даярдасын.
3. Бул токтом Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн (https://kara-guz.gov.kg/) расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары:** **Э.Ж. Мансурова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

# КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“ 28” апрель 2026-жылдагы № 15/3

## Кара-Гуз айыл аймагындагы ички каналдарды Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жана 39-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 19-беренесине ылайык Кара-Гуз айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Гуз айыл аймагынын Көк-Ирим каналы 3 км, Кара-Таш каналы 3км, Кой-Таш каналы 4 км, Апыз каналы 2 км, Кеңеш каналы 2 км, Бөкөтаев А каналы 1 км, Жанболот каналы 2 км Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгынын кармагына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып баруу Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге тапшырылсын.
3. Бул токтом Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн (https://kara-guz.gov.kg/) расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары:** **Э.Ж. Мансурова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

# КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“ 28” апрель 2026-жылдагы № 15/4

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо тартиби тууралуу жобону бекитүү жөнүндө

Жергиликтүү демилгелерди каржылоо жолу менен жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн, алардын бирикмелерин, башка жеке жана юридикалык жактарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышууга шыктандыруу максатында **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуу жана каржылоо үчүн жергиликтүү бюжеттин эсебинен 100 000 (жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күндүн ичинде күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары:** **Э.Ж. Мансурова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

# КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

“ 28” апрель 2026-жылдагы № 15/5

## Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн балансында турган эки нива үлгүсүндөгү автоунааларды сатууга уруксат берүү жөнүндө

Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Гуз айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн балансында турган эки нива үлгүсүндөгү кызматтык автоунааларды, жаңы кызматтык унаа келгендигине байланыштуу сатууга уруксат берилсин.

2. Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысына Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн балансында турган эки нива үлгүсүндөгү кызматтык автоунааларды сатуу үчүн мыйзам чегинде иш алып баруу жагы тапшырылсын.

3. Бул токтом Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн (https://kara-guz.gov.kg/) расмий веб-сайтында жарыялансын.

4. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кара-Гуз айылдык Кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары:** **Э.Ж. Мансурова**